ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 130,2 (575,2)(04)

**Ш.У. АЖЫБЕКОВ**
ЧУЙСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ С. МАМБЕТКАЛИЕВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: 4IKA -_-96@ MAIL. RU
**SH.U. AZHYBEKOV**
CHUI UNIVERSITY NAMED AFTER S. MAMBETKALIYEV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: 4IKA -_-96@ MAIL. RU

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

## А. ОСМОНОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ИСКУССТВОДОГУ ОРДУ

## РОЛЬ ПРОИЗВЕДЕНИЙ А. ОСМОНОВА В ИСКУССТВЕ

## THE ROLE OF WORKS OF A. OSMONOV IN ARTS

*Макалада А.Осмоновдун кыргыз искусствосуна көптөгөн өлбөс-өчпөс мурастарды калтырып кеткенин белгилөө менен акындын драматургдук дараметине терең токтолгон. Акындын драмалык чыгармаларды зор эргүү, Шекспирдей күч менен жазганына карабастан бул эмгектеринин үзүрүн көрө албай кеткенин жана көркөм сөз чеберинин драмалык чыгармаларынын азыркы күндөрдө унутта калып бара жатканын ачып көрсөткөн.*
***Чечүүчү сөздөр:*** *идеялык-эстетикалык деңгээл, драматургдун лабораториясы, “...жададым”, улуу устаты Шота Руставелиден таалим алып жаралган чыгарма.*

*Статья раскрывает глубокий смысл бессмертного наследия А.Осмонова и его роль в развитии кыргызской драматургии. Несмотря на то, что драматические произведения написаны с большим вдохновением и силой, как у Шекспира, поэт сам так и не успел увидеть результаты своего труда. Произведения мастера художественного слова драмы в настоящее время забывается.*
***Ключевые слова:*** *идейно-эстетический уровень, поэтическая лаборатория драматурга, “устал...”, влияние старшего брата Шота Руставели на творчество Алыкула, произведение, созданное в полете.*

*The article reveals the deep sense and opportunity of A.Osmonov’s immortal heritage in development of the Kyrgyz dramaturgy. Though the dramatic works were written with great inspiration and power as Shakespear’s ones, the poet had no chance to enjoy the results of his work. While the works of the master of drama declamation are being forgotten, that’s the point.*
***Key words:*** *idea-aesthetical level, play writer’s poetic laboratory, “got tired…”, influence of the elder brother Shota Rustaveli on Alykul’s work, work piece written in flight.*

А. Осмоновдун өмүр жолу жана чыгармачылыгы окумуштуулар, сынчы, акын жана жазуучулар тарабынан жетиштүү изилденип, нечендеген илимий эмгектер, эссе, эскерүү, очерк түрүндөгү чыгармалар жазылып келе жатат.

Ошону менен бирге А. Осмонов поэзия, котормо жана драмалык чыгармалар жаратып, кыргыз искусствосуна көптөгөн өлбөс-өчпөс мурастарды калтырып кеткен болсо да, акындын жан дүйнөсүнөн жаралган драмалык чыгармаларынын кыргыз адабиятындагы орду, Алыкулдун искусство, анын ичинен театр ишмерлигине жасаган зор

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

эмгеги менен драматургдук дараметине маданият таанууда илимий жактан баа берилбей көркөм сөз чеберинин драмалык чыгармалары унутта калып баратkансыйт.

А. Осмоновдун драмалык чыгармаларды жазуу чеберчилиги да жөн жерден эле пайда болбосо да керек. “Бөдөнөнү сойсо да, касапчы сойсун” болуп Алыкулдун акындыктан эмнеге драма жазууга өткөндүгү деле кокустуктан эмес. Анткени, 30-жылдарда адабиятчылардын көпчүлүгү драматургияга кайрылышып, алар дагы ыр жазуу менен эле чектелбестен адабияттын башка жанрларынын үстүндө иштешип, акындын калемдештери, замандаштары К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков биргелешип “Айчүрөк” аттуу кыргыздын тунгуч операсынын либреттосун, Ж.Бөкөнбаев “Алтын кыз” музыкалуу драмасын жазса, кийинки жылдары А. Токомбаев “Ант”, Р.Шүкүрбеков “Кек” К. Жантөшев “Курманбек”, А. Куттубаев менен К. Маликов “Жаңыл” жана башка пьесаларын жазышкан.

А. Осмонов дүйнөлүк классиктердин эмгектерин көп окуп, дүйнө элдери ардактап таазим кылган даңазалуу дастан, драмаларды көп которуп, алардын көркөм өнөрүнө сугарылып, драма жазууга дилгирленип , бул ишке бүт жан дүйнөсү менен киришкен.

Дүйнөлүк улуу музыканттар Моцарт, Бетховен. Глинка. Гайдн, Бах, Чайковский. Мусоргскийден, орус адабиятынын алптары Пушкин, Лермонтов, Толстой, Тургенев, Некрасов, Гоголдон, драмалык чыгармаларды жаратуучулардын залкарлары В. Шекспирден, устаты Ш. Руставелиден таалим-тарбия алып, Алыкул өзү да ошолордой дүйнөлүк чоң театрларды багынткан чыгармаларды жазууга койгон ой-тилектери жөн эле кур кыял болгон жок, акын артына көптөгөн драмалык чыгармаларды жаратып кетти.

Алыкулдун драмалык чыгармалары боюнча убагында белгилүү адабиятчылар жана драматургдар тарабынан сын-пикирлер да айтылып келген.

Алыкул таанууга чоң эмгек сиңирген көрүнүктүү сынчы-адабиятчы, акын, Кыргыз эл жазуучусу, филология илимд. докт., проф. К. Артыкбаевдин акындын драмалары боюнча жазган макаласындагы сын-пикирлерине токтолсок: А.Осмоновдун чыгармачылыгында драмалык чыгармалар орчунду орун ээлегенин, баш аягы болуп 12 драмалык чыгарма жазганын айтат. Макалада А.Осмоновдун драмалык чыгармаларынын идеялык-эстетикалык деңгээли жөнүндө азырынча эч бир ой пикир айтыла электиги, драмаларынын идеялык-көркөмдүк деңгээли бирдей эместиги айтылат. Бирок, бул алар жөнүндө сөз козгоого жатпайт дегендикке жатпайт. Кыркынчы жылдардагы кыргыз драматургиясын өнүктүрүүдө ал драмалардын белгилүү даражада өз салымын кошкондугун айтуу менен автор А. Осмоновдун драмаларына (“Чолпонбай”, “ Ким болду экен?”, “Ак-Мөөр”, “Абылкасым Жанболотов”, “Күмүш булак”, “Экинчи бригада”) токтолуп, А.Осмоновду чоң драматург катары да эске алуу акын-драматургдун жалпы чыгармачылыгын калыс, адилет баалагандыкка жатмак деген оюн билдирет [1. 211-264 б].

Алыкулдун чыгармачылыгы боюнча К. Асаналиев менен Ж. Иманкулов 1956-жылдын 12-декабрында “Советтик Кыргызстан” гезитине “Алыкулдун адабий мурасы жөнүндө” аттуу биргелешкен макала жарыялашып, ал макалада акындын мурастарына жасалган мамиле тууралуу калыс ой айтуу зарылчылыгын көңүлгө түйүшүп, коомчулукка али белгисиз “Ак-Мөөр” пьесасына төмөндөгүдөй мүнөздөмө беришкен: “А. Осмонов жалаң гана чоң акын, көрүнүктүү котормочу эмес, талантуу драматург да экенин анын эч жерде жарыяланбаган кол жазмалары ачык далилдейт... А.Осмоновдун драматургиялык чыгармасынын эң мыктысы – “Ак-Мөөр”. Бул чыгарма жалаң эле Алыкулдун драматургиясындагы мыкты пьесалардан болбостон, кыргыз драматургиясындагы ири чыгармалардын бири болоору да талашсыз. Адилетсиз, кайгылуу замандын зордугунан коркпостон, эркиндикке, боштондукка, теңдик заманга талпынган биздин ата-бабаларыбыздын майышпас кайраты күчтүү образдарда сүрөттөлгөн бул драманы Кыргыз мамлекеттик драма театры өз колуна алып, чыгармачылык күчтөрүн жумшап иштесе, анын репертуарынан өзүнүн туруктуу ордун алаары эч талашсыз. ... Демек, эң акырында

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

айтарыбыз, Алыкул Осмоновдун чыгармачылык зор фигурасын дагы ачыгыраак көрүү үчүн анын драмалык чыгармаларын жарыкка чыгарыш керек...” [2. 11-б].

Ал эми адабиятчы, филология илимдеринин кандидаты К. Кудайбергенов 1966-жылы 16-февралда “Советтик Кыргызстан” гезитине жарыялаган “Акын, драматург жана фольклорист” деген макаласында “Ак-Мөөр” драмасынын баркын жогору көтөргөн алда немедей жүйөлүү жана кызыктуу ойлорун айткан: “Мейли көркөмдүгү жагынан болсун, мейли идеялык салмагы жагынан болсун, “Ак-Мөөр” драмасы азыркы кыргыз драматургиясында салмактуу чыгарма. Тарыхый фактыларды сокурларча ээрчибей, аны кыраакы сындан өткөрүп, өз кылымынын мүнөзүнө карай драматург ири, көркөм жалпылоо түзгөн. Көркөм жалпылоо-ошол доордогу адамдардын тарыхый болмушунун гана күзгүсү эмес, драматургдун лабораториясында бүткүл замандын адамдарынын, алардын турмушунун типтүү жактарын ачкан көркөм дүйнө. Туура, “Ак-Мөөр” дал ошондой чыгарма. Тарыхый темада жазылган чыгарманы ошол тарыхый турмуштун дапдаана түшүрүлгөн фотографиясы катары кабыл алуу жана ошондой түшүнүү чаташуу гана. Чыныгы художник турмуштук фактыны кайрадан иштейт, белгилүү бир идеялык мотивге карай аны өзгөртөт, кадыресе касиетинин ордуна көркөм таасири бар касиет бүтүрөт. Тарыхый темада жазылганы менен “Ак-Мөөр” дал ушундай канаты менен жаралган чыгарма...”[4. 50-51-б].

Автор К. Кудайбергенов “Акын, драматург жана фольклорист” [3.8-бет] макаласында “Кыргызстан” басмасынан жарык көргөн А.Осмоновдун чыгармалар жыйнагынын экинчи томуна кайрылып: “Алыкул акын гана эмес, чебер драматург, чебер фольклорист экендиги белгиленет. Экинчи томго кирген Алыкулдун драмалары турмушка жакындыгы, конфликтердин реалдык ситуацияларда чечмеленгендиги менен кызыктуулугу жөнүндө сөз болот. Акындын Шекспирдин “Отеллосун”, “Он экинчи түнүн” которушу анын талантынын ойгонушуна зор өбөлгө болгондугу айтылат”.

Автор М. Шабданов “Акындын образы адабиятта жана көркөм сүрөттө” деген макаласында [6. 10-б.] К. Жусуповдун “Ыр сабындагы өмүр” чыгармасына кайрылып келип, андан ары А. Осмонов жалгыз кыргыз адабиятында гана эмес, бүтүндөй кыргыз маданиятынын, искусствосунун өнүгүшүнө өзүнүн зор таасирин тийгизип жаткандыгына көңүл бурат. Анын ачык мисалы катары Г. Айтиевдин акын А. Осмоновдун портретин эң сонун жаратkандыгын мисалга тартат жана өзгөчө басым жасайт [4. 67-бет].

Алыкул поэзияны кандай сүйсө, искусствону да ошондой баалап, көркөмдүгү жагынан жогору жана идеялуулугу жагынан терең драмалык чыгармаларды жаратып кеткен.

Акындын драмалык чыгармаларынын каармандары:

“Таш идишке куйса керек бактымды,
Татты идишке куйса керек атымды.
Кароолчудан не кылам деп сурасам,
Балам алсын, бекер бер дейт даңкынды!
Берем!
Алсын!
Сатпайм кадыр баркымды,
Уйчу, койчу, кетменчинин
Менмин кымбат акыны! – деп маляр, сугатчы, жылкычы, мурап, жумушчу, дубалчы, плотник жана усталар жөнүндө ыр жазгандай, өмүрүнүн көп убактыларын чогуу өткөргөн эмгекчи, күжүрмөн эл.

Алыкулдун драмалары да, башка драмалык чыгармалардай эле мезгил талабына ылайыкталып жазылып келген. Акындын алгач эмгектери согуш мезгилинде жазылгандыктан, драмаларынын темалары жана андагы окуялар согуш убагындагы фронттогу жана тылдагы окуяларга байланышып, согуштан кийин учурдун тематикасында негизинен айыл жериндеги эмгекчил элдин турмушу чагылдырылат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Акындын драмалык эмгектери ошол учурдун актуалдуу маселелерин көтөргөн чыгармалар. “Чолпонбай” либреттосу, “Баатырдын өлүмү”пьесасы жана “Келбейт дебе” пьесасы согуш, патриоттуулук тема, “Ким болду экен” пьесасы, “Махабат” лирикалык комедиясы, “Ак – Мөөр” драмасы сүйүү, патриоттуулук тема, калган чыгармалары шаар жана элет турмушуна байланышкан темалар. Акындын драмалары идеялык жактан коомго таасири күчтүү, жаштардын патриоттук сезимдерин курчуткан, тарбиялык маанидеги кара сөз жана ыр түрүндө да жазылган чыгармалар. Алыкул коомдогу ар түрдүү мүнөздөгү адамдардын кулк-мүнөздөрүн чагылдырган күлкү-тамашалуу чыгармаларды жараткан.

Алыкулдун драмалык чыгармалары убагында эмне үчүн театр ишмерлери тарабынан сахна чыгармачылыгын кеңейтүүгө толук колдонулган эмес деген суроолорго жооп издеп көрөлүчү: биринчиден, оорусу менен алек болуп жүргөн акын дээрлик баардык драмалык чыгармаларын кол жазма түрүндө эле бүтүрүп, аларды басмадан чыгара алган эмес. Ал драмалык чыгармалар биринчи жолу 1965-жылы Алыкулдун үч томдук чыгармалар жыйнагынын 2-тому аркылуу окурмандарга сунушталган. Экинчиден, акын драмалык чыгармаларын сахналаштырууусу үчүн театрдагы режиссерлор менен да иштешүүгө ошондой эле чамасы болбосо керек. Үчүнчүдөн, эгер коомубуздун жаратылыш табиятын эске алсак, кызганыч, көрө албастык, бут тосуулар да болсо керек. Бул туурасында, Түгөлбай бабабыздын өз эскерүүсүндө мындай деп айтканы бар: “Жакшы кабыл алышты, Пьесам коюлмай болду”, деп далай жолу кубанып келди... ...Жададым. Мага окшогон эпсиз кургурларга тил алышса, пьеса жазбагын дейм?!-деп, бозоруп, кейип кайтты... Айтор, неси болсо да акындын драмалык чыгармалары анын поэзиясындай жетилбеген. Алар айрым кемчиликтерден кур эмес. Ошентсе да, алар өз учурунда толук жооп берген дурус пьесалар болчу” [ 5.159-бет]. Бул кеп Алыкулдун чыгармалар жыйнагынын 3-бетинде баш сөз катары жазылган “Акындын элеси” деген Түкемдин эскерүүсүндө айтылат. Төртүнчүдөн, Алыкулдун драмалык чыгармалары кайрадан жаңыртылып басмадан чыкпай, акындын драматургиядагы эмгектери элге кеңири жайылтылбай келгендиги менен бирге эле театр ишмерлери тарабынан да анын драмаларына көнүл бурулбай келген.

Убагында белгилүү адабиятчылар жана драматургдар тарабынан Алыкулдун драмалык чыгармалары боюнча жакшы сын-пикирлер айтылып келсе да, ошону менен эле чектелип, ал чыгармалардын келечеги жөнүндөгү маселелер кайра көтөрүлбөстөн кала бергендиги кейиштүү экендиги көбүбүздү эле ойлонткондой, өз изилдөө ойлорун окурмандарга бөлүшкөн белгилүү Алыкул таануучу Ж. Турусбеков : “Алыкул драмалык чыгармаларды зор эргүү менен, Шекспирдей күч менен жазганына карабастан бул эмгегинин үзүрүн көрө албай кеткендиги өкүнүчтүү” деген оюн айткан [5. 159-бет].

Алыкулдун канаттуу поэзиясын, Шотага кыргыз атын мингизген котормочулугун, аалам алпы Шекспирдей күч менен жараткан драматургдук өнөрүн аздектеп, акынга арнап ыр жазган алты миңден ашып кеткен шакирттерине кошула акындын чыгармачылыгын аздектеген искусство чеберлери, анын ичинен композитор, обончулар, театр, кино ишкерлери, сүрөтчүлөр жана скульпторлор дагы акын жана анын чыгармачылыгына байланыштуу көптөгөн көзгө көрүнөөрлүк иштерди жасап келе жатышканы, алп акындын жасабай кеткен иштерине кошкон толуктоолор же жалпы кыргыз маданиятына кошкон салымдары десек жаңылышпайбыз.

А. Осмонов өзүнүнүн кыска чыгармачылык өмүрүндө, өзүн көптөн бери кыйнаган азаптуу оорусуна, түн уйкусуна, өмүрүнө кайыл болуп, дүйнөлүк драмалык чыгармаларды жаратуучу залкарларынын бири В.Шекспирден таалим-тарбия алып, дүйнөлүк чоң театрларды багынткан чыгармаларды жазууга койгон ой-тилектери менен жараткан драмалык чыгармалары жана котормолору бүтүндөй кыргыз маданиятынын өсүп-өнүгүшүнө арналганы баарыбызга белгилүү. Келечекте заманыбыздын залкар акыны А.Осмоновдун жаратып кеткен драмалык чыгармаларын жандандыруу иштери театр ишмерлери тарабынан колго алынарына жана акындын чыгармаларынын кыргыз искусствосундагы ордуна мезгил өз баасын беререрине шек жок.

## Адабияттар тизмеси


1. Артыкбаев К. Талант сыры [Текст] / К. Артыкбаев. - Б.: 1994. – 264 б.
2. Асаналиев К.  Алыкулдун адабий мурасы жөнүндө [Текст] / К. Асаналиев, Ж. Иманкулов // Советтик Кыргызстан. - 12.12.1956. -  11 б.
3. Кудайбергенов К. Акын драматург жана фольклорист [Текст] / К. Кудайбергенов. -  Советтик Кыргызстан. - 16.02.1966.  8 б.
4. Осмонов А.  Энциклопедиясы [Текст] / А.Осмонов // .А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Бийиктик плюс, 2015. – 639 б.
5. Турусбеков Ж. Алыкулдун батпас күнү [Текст] / Ж.Турусбеков  - Б.: 2001. – 300 б.
6. Шабданов М. Акындын образы адабиятта жана көркөм сүрөттө [Текст] / М. Шабданов //  Кыргызстан маданияты. - 09.01.1975. – 10 б.